ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 331.5+331.556.2/.4+575.2(045/046)

**Н. Ч. МЕЙМАНКУЛОВА**
КГУСТА ИМ. Н.ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL:N.MEYMANKULOVA@MAIL.RU
**N. CH. MEYMANKULOVA**
KSUCTA N.A.N.ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

**К. Б. ИСАБАЕВА**
КГУСТА ИМ. Н.ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
**K. B. ISABAEVA**
KSUCTA N.A.N.ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL:IKERAB@MAIL.RU

**Н. К. ТОКТОГАЗИЕВА**
КГУСТА ИМ. Н.ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL:NURA737373
**N. K. TOKTOGAZIEVA**
KSUCTA N.A.N.ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

***E.mail. ksucta@elcat.kg***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МИГРАЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТИН ЭМГЕК РЫНОГУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ МИГРАЦИОННЫХ ПРОЦЕССОВ НА РЫНОК ТРУДА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# INFLUENCE OF MIGRATION PROCESSES ON THE LABOR MARKET IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*Макалада Кыргыз Республикасындагы тышкы эмгек миграциясынын эмгек рыногуна тийгизген таасири каралган.*

***Чечүүчү сөздөр:*** *миграция, тышкы миграция, эмгек рыногу, жумушсуздук, экономикалык активдүү калк, экономикалык активдүү эмес калк.*

*В статье рассматривается внешняя трудовая миграция в Кыргызской Республике и ее влияние на рынок труда.*

***Ключевые слова:*** *миграция, внешняя миграция, рынок труда, безработица, экономически активное население, экономически неактивное население.*

*This article examines external labor migration in the Kyrgyz Republic and its impact on the labor market.*

***Key words:*** *migration, external migration, labor market, unemployment, economically active population, economically inactive population.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Өткөн кылымдын 90-жылдарынан баштап миграциялык процесс бүткүл дүйнөнү камтыган. Кээ бири өздөрүнүн этникалык жерине барып жашагысы келсе, кай бирлери өлкөнүн ичиндеги саясий, экономикалык жана социалдык шартка байланыштуу сыртка чыгып жумуш издөөнун аркетин жасап башташкан.

Эмгек миграциясы эмгек рыногунун түзүлүшүнө өтө чон таасирин тийгизет. Эмгек рыногунун абалы өлкөнун ичиндеги болуп жаткан саясий, экономикалык жана социалдык жагдайларга жараша өзгөрүп турат. Эмгек ресурстары дайыма кыймылда же болбосо бир жерден экинчи жерге жылып тураары барыбызга маалым. Бул жылышуу кесиптик, квалификациялык, аймактык негизде болушу мүмкүн. Калктын миграциясы бул негизинен закон ченемдүү көрүнүш.

Эмгек рыногунун негизги көрсөткүчтөрү болуп экономикалык активдүүлүктүн, иш менен камсыз болгондордун жана жумушсуздуктун денгээли болуп эсептелет. Коомдогу товарларды жана кызматтарды өндүрүүгө өз күчүн сунуштаган калктын бөлүгү экономикалык активдүү калк деп аталат. Экономикалык активдүү калктын санына 15 жаштан жогорку курактагы жумуш менен камсыз болгон адамдар жана жумушсуздар кирет.

Улуттук статистикалык комитеттин берген маалыматы боюнча 15 жаштан жогорку экономикалык активдүү калктын саны жылдан жылга өсүп отуруп 2016-жылы 2547,4 миң адамды түзүп, анын 2363,7 миңи жумуш менен камсыз болгон, ал эми 183,7 миңи жумушсуз.

1-таблицада көрүп тургандай эмгек рыногунда аялдарга салыштырмалуу эркектер активдүү келишет. Аялдар негизинен бала төрөп, үй тиричилигин алып барууга көбүрөөк көнүл бөлүшөт. Ошондуктан экономикалык активдүү калктын 60% (1522,5 миң. адам) эркектер, ал эми калган 40 % (1024,9 миң.адам) аялдар түзөт. Экономикалык активдүү калктын көбөйгөнүнө карабай жумуш менен камсыз болгондордун саны 2012-2016 жылдар ичинде 58,8 % дан 57,1 % га чейин азайган.

Таблица 1 - 15 жаштан жогорку курактагы экономикалык активдүү калктын, жумуш менен камсыз болгондордун жана жумушсуздардын саны

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экономикалык активдүү калктын саны, миң. адам. | 2496,8 | 2468,7 | 2504,2 | 2544,3 | 2547,4 |
| эркектер | 1463,5 | 1471,6 | 1467,2 | 1501,0 | 1522,5 |
| аялдар | 1033,3 | 997,0 | 1037,0 | 1043,3 | 1024,9 |
| Шаардык калк | 851,1 | 856,6 | 879,6 | 898,4 | 900,4 |
| Айылдык калк | 1594,1 | 1612,1 | 1624,6 | 1645,9 | 1647,1 |
| Жумуш менен камсыз болгон калктын саны, миң. адам | 2 286,4 | 2 263 | 2 302,7 | 2 352,1 | 2 363,7 |
| эркектер | 1 351,0 | 1 362,2 | 1 364,1 | 1 402,9 | 1 428,4 |
| аялдар | 935,4 | 900,8 | 938,6 | 949,2 | 935,3 |
| Жумушсуздардын саны, миң адам | 210,4 | 205,7 | 201,5 | 192,2 | 183,7 |
| эркектер | 112,5 | 109,4 | 103,1 | 98,1 | 94,1 |
| аялдар | 97,9 | 96,3 | 98,4 | 94,1 | 89,6 |
| Экономикалык активдүү эмес калктын саны, миң адам | 1 392.5 | 1 483.9 | 1 511.9 | 1 534.3 | 1 593 |

Жумушчу күчүн изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй жумушсуздардын саны 2012-жылы 210,4 миң адам болсо, тактап айтканда 8,4 % ды тузсө,жылдан жылга азайып отуруп, 2016-жылы 183,7 миң адам же болбосо 7,2 % болгон, бул көрсөткүч 2012-жылга салыштырмалуу 1,2 % га азайган. 183,7 миң жумушсуз адамдардын 51 % эркектер, калган

49 % аялдар.

Өлкөдөн сыртка чыккан эмгек мигранттарынын так санын эсептөө өтө кыйын, себеби көпчүлүк мигранттар расмий катталып иштебейт. Ошого карабастан Кыргызстан статистикалык комитетинин жана миграциялык партнерлорунун жардамы менен биздин өлкөдөн чыккан эмгек мигранттарынын болжолдуу санын карап чыксак болот.

Биздин өлкөдөн эмгек мигранты болуп, жумуш издеп кеткендердин расмий саны 2016-жылга карата Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн астындагы миграция боюнча Мамлекеттик кызматтын маалыматы боюнча 710 минди түзгөн. Анын ичинен 616 миңи Россияда, 30 миңи Казакстанда, 15 миңи Түштүк Кореяда, 14 миңи Түркияда, ал эми 30 миңи алыскы чет өлкөлөрдө иштеп жатышат. Кыргызстандын экономикалык активдүү калкынын ¼ бөлүгү чет өлкөдө иштеп, үй-бүлөсүн багып жатат десек болот.




1-сүрөт. Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгу жарандарынын ишке орношуусу

Демек эмгек мигранттарынын көпчүлүгү Россия Федерациясында жана Казакстан Республикасында, же болбосо ЕАЭБ түзүмүндөгү өлкөлөрдө эмгек кылышат. Кыргызстандын ЕАЭБ түзүмүнө кирүү менен биздин өлкөдөн барган эмгек мигранттарына Россия Федерациясы тарабынан көптөгөн женилдиктер каралган. Эмгек миграциясынын эн негизги себеби бул жумушсуздук жана айлык акынын аздыгы. Биздин эмгек мигранттарынын акча которуу көлөму өлкөнүн ИДП 32 % түзөт.

Кыргызстандык мигранттардын 47 % 18-29 жашка чейинки жаштар, ал эми 18 % жашы жете элек жеткинчектер түзөт. Гендердик түзүмү боюнча карай турган болсок Россия Федерациясындагы эмгек мигранттарынын көпчүлүк бөлүгү эркектер, тактап айтканда эркектер аялдарга салыштырмалуу 30 % көп.

Жыл сайын Кыргызстанда эмгеке жарамдуу калктын катарына 80 миңден 100 миңге чейин жаш муундар жетилип, жумушчу күчүн толуктап турат. Бирок биздин мамлекет ошого жараша жумушчу орундарын камсыз кыла албайт. Акыркы убакта жумушчу күчүнүн сунушу ага болгон суроо-талапка караганда 30 % га көп болгондугу маалым.

Эмгек мигранттарынын негизги булактары болуп өлкөнун түштүк регионундагы Ош, Жалал-Абад, Баткен областтары эсептелинет. Өлкөнүн бул үч областы агрардык аймак, калктын 65-70 % айыл жеринде жашашат. Кыргызстандын түштүк аймагы калктын өсүү темпи боюнча өзгөчөлөнүп турат. Өндүрүштүк жана социалдык инфраструктурасынын жакшы өнүкпөгөндүгүнө байланыштуу бул аймактарда жумушчу күчүнүн ашыктыгы байкалып келет. Социалдык-экономикалык кризистен, калктын жыш

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

отурукташкандыгынан, жер жана суу ресурстарынын жетишсиздигинен, жуму орундарынын жетишпегендигинен квалификациялуу адистер жана жаштар бул аймактан өлкөнүн ичиндеги салыштырмалуу өнүккөн аймактарга жана сыртка эмгек мигранты болуп чыгууга муктаж. Ошондуктан Кыргызстандын Түштүк аймагын өнүктүрүү максатында калкты иш менен камсыз кылуу үчүн эффективдүү саясат иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу керек.

Кыргызстандан барган эмгек мигранттарынын көпчүлүгүнүн квалификациясы төмөн, ошондуктан жогорку квалификацияны талап кылбаган оор жумуштарда (курулушта, коомдук тамак-ашта, соода-сатыкта, айыл-чарбачылыкта) эмгектенишет.

Эмгек мигранты болуп биздин өлкөгө келген мигранттар дагы жок эмес. 2016-жылы чет өлкөлүк 12165 жаранга иштөөгө уруксат берилген, анын ичинен 1186сы жеке ишкердик менен иштөөгө уруксат кагазын алган. Ал эми 2017-жылдын сегиз айында 12518 чет элдик адиске, андан сырткары 851 чет өлкөлук жаранга жеке ишкердике уруксат кагазы берилген. Бул 2017-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтү бекиткен 14 490 жумушчу орундун, же болбосо чектөөнүн (квотанын) 75% гана түзөт.

Бул уруксат документтерин алууда 2017-жылы республикалык бюджетке 46,1 млн. сом түшкөн.

2017-жылдын 1-октябрына карата чет өлкөлүк жарандар тарабынан ачылган компанияларда, окуу мекемелеринде жана чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартууга укугу бар адамдарда 58,4 миң Кыргыз Республикасынын жарандары жумуш менен камсыз болушкан. Жаны түзүлүп жаткан, биринчи жолу чет өлкөлук жумушчу күчүн тартууга уруксат алууга кайрылган ишканалардын жана уюмдардын саны көбөйгөн. Себеби 2017-жылдын башынан баштап Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министирлигинин консулдук кызматынын Департаменти чет өлкөлүк жарандарга эмгек визасын берүүнү жана узартууну жөнөкөйлөткөн.




2-сүрөт. Кыргыз Республикасындагы чет элдик эмгек мигранттары

2017-жылы 88 өлкөнүн өкүлдөрүнө эмгек квотасы каралган. Чет өлкөлүк адистердин негизги бөлүгүн, тактап айтканда 83,8%(10496 адам) Кытай Эл Республикасынын жарандары түзөт, 6,2% (771 адам) Түркия Республикасынан келген жарандар, 2,0% (253адам) Корея Республикасы, 1,2 % (149 жана 147 адам) АКШ жана Вьетнам, 1,0 % (121 адам) Пакистан, 0,7 % (92 адам) Өзбекстан, 0,6 % (78 адам) Индиядан келген жарандар.

Чет элдик эмгек мигранттарынын 50% өндүрүш, транспорт жана курулуш чөйрөсунда эмгектенишсе, 21 % энергетика жана тоо-кен байлыктарын иштетүүдо,19 % соода-сатык жана тамак-аш чөйрөсүндө иштеп келишет. Калган 10 % экономиканын ар кайсы секторунда алектенишет. Сырттан келген эмгек мигранттарынын 50% Бишкек шаарында иштешет, себеби Бишкекте өнөр-жай өндүрүшү башка региондорго

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

салыштырмалуу өнүккөн, ошондой эле Бишкек шаары Кытай Эл республикасы, Казакстан, Россияны бириктирген региондук соода борбору болуп саналат.

25-26 % Жалал-Абад областында «Түндүк-Түштүк» жолун курууда эмгектенишет. Ал эми 13-15% Чүй областында иштешет.

Кыргызстанда квота боюнча иштеген чет өлкөлук жарандардын көбөйүшүнүн негизги себеби өлкөгө инвестицияларды тартуу жана жергиликтүү эмгек рыногунда жогорку квалификациялуу жумушчу күчүнүн жоктугу.

Эмгек миграциясы өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө оң жана терс таасирин тийгизет. Мигранттардын которгон акчалары калктын жашоо денгээлинин жогорулашына, үй бүлөнүн жашоо шартынын жакшырышына алып келет. Эмгек миграциясы жакырчылык менен күрөшүүнүн эффективдүү куралы. Массалык эмгек миграциясы улуттук эмгек рыногундагы чыңалууну азайтып, жумушсуздукту кыскартып, калктын көп бөлүгүнүн жашоо шартын жакшыртат. Чет өлкөдө иштеген эмгек мигранттары квалификацияларын жогорулатып, өндүрүштүк жана уюштуруу жөндөмдөрүн өөрчүтүп, ишкердик байланыштарды, башка өлкөдөгү партнерлор менен болгон өздүк байланыштарын кенейтип өз өлкөсүнө керектүү тажрыйбаларга ээ болуп, алдынкы жаны технологиялар менен иштөөнү өздөштүрүп келип өлкөнүн өнүгүүсүнө салымын кошуп жатышат. Андан сырткары алгачкы капитал топтоп келип кичи жана орто ишканалар ачып, көптөгөн жумушсуздарды жумуш оруңдары менен камсыз кылып келишет.

Ал эми эмгек миграциянын терс жагы болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-өлкөдөн кеткен эмгек мигранттары өздөрү барып иштеп жаткан өлкөнүн ИДП өндүрүүгө көмөк көрсөтүп, тапкан акчаларынын бир бөлүгүн ошол тарапта коротот;

-негизинен өлкөдөн жогорку квалификациялуу, демилгелүү эмгек мигранттарынын өлкөдөн чыгып кетиши улуттук экономиканын жөндөмдүүлүгүн төмөндөтүп, эмгеке жарамдуу калктын санын азайтат;

-өлкөдөн массалык түрдө жаш муундардын кетиши Кыргызстандын демографиялык абалына, үй-бүлөлүк мамилелерге, улуттук урп-адаттын калыптанышына терс таасирин тийгизет.

## Адабияттар тизмеси


1. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики:Кыргызстан в цифрах [Текст] / статистический сборник. – Бишкек: 2017 .
2. Министерство труда, миграции и молодежи кыргызской Республики: Единый доклад по миграции в Кыргызской Республике [Текст]. - Бишкек:2017 .
3. Нусупова Н.К. Трудовая миграция в Кыргызской Республике [Текст] / Н.К. Нусупова, А.М.Нусупова. - Вестник КГУСТА. - 2017 -- Выпуск 1(55). - с.213-215.
4. Саргатанова А.Т. Современное состояние и тенденции развития рынка труда в Кыргызской Республике [Текст] / А.Т. Саргатанова, А.В. Соловьев // Вестник КГУСТА. - 2016. - Выпуск 4(54). - с.143 -147 .
5. Электронный ресурс: knews.kg/.../inostrannye-rabochie-v-kyrgyzstane-kitajtsev-v-12-raz-bolshe-chem-graz.